БЕКИТЕМИН
ФЮКтун пед.кеңеши
22 04 2021-ж.
Протокол № 7
доц.,И.Ж.Исаков

**Жалпы билим берүү программасы 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп» адистиги үчүн**

**Максат №1**

Фундаменталдык, социалдык жана гуманитардык билимдердин негизинде студенттерде максаттуулук, патриоттуулук, коммуникабелдүүлүк, толеранттуулук, өз алдынчалык, эрктүүлүк, өжөрдүүлүк,сарамжалдуулук, сабырдуулук, ыйман-ынсаптуулук деген белгилүү кесиптик сапаттарды калыптандыруу.

**Максат №2**

Бухгалтердик эсепти "КР "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" мыйзамына, эсепти жүргүзүүдөгү укуктук-ченемдик актыларга, ФОЭСке жана жарлыктарга ылайык жүргүзүп, кесиптик маселелерде ийгиликтүү чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү, ийкемдүү орто кесиптик адистерди даярдоо.

**Максат №3**

Университетте (колледжде) билим берүү процессинде калыптандырылган кесиптик жана жалпы кесиптик-этикалык компетенциялардын негизинде ишканалардын бухгалтердик эсебин жүргүзүү, чарбалык ишмердүүлүгүн талдоо боюнча кесиптик маселелерди чечүүгө жөндөмдүү орто кесиптик адистерди даярдоо.

**Окутуунун натыйжасы (ОН) ЖББП 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп»**

**$ОН_1$=($ЖК_1$–$ЖК_9$; $ККК_4$-$ККК_5$)**

**$ОН_1$:**Өзүнүн (келечектеги) кесибинин социалдык манилүүлүгүнүн максатын, маңызын жана акыйкатын түшүнө алат, математика, табигый, гуманитардык

жана экономикалык илимдердин базалык жоболорун колдонуу менен кесиптик маселелерди чече алат жана өз билимин өз алдынча өркүндөтө алат.

**$ОН_2$=($ЖК_1$–$ЖК_9$ ; $ККК_1$-$ККК_2$-$ККК_3$)**

**ОН2:**Илимдеги жаңы кубулуштардын социалдык-экономикалык, маданий жыйынтыктарын талдай жана баалай алат, өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик, расмий тилде кура билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ, социалдык карым – катнаштын негизинде чет тилдердин билет, “Манас” эпосунун ордун, маанисин түшүнөт, өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө эпостун негизги идеяларын колдоно алат.

**$ОН_3$=( $ЖК_4$+$ЖК_7$)**

**$ОН_3$:**Өзүнүн кесиптик ишин сапаттуу аткаруу үчүн түрдүү ыкмаларды пайдалана алат, кесиптик маселелерди чечүү үчүн заманбап маалымат технологияларын колдонуу менен бухгалтердик эсепти жүргүзүүнү автоматташтыра алат.

**$ОН_4$=($КК_{1.3.}$ + $КК_{1.4, 3.11}$)**

**$ОН_4$:**Чарбалык операцияларды документтештирүү жана уюмдун активдерин, милдеттенмелерин, капиталын, кирешелерин жана чыгымдарын, баалуу кагаздардарын эсепке алуу, бюджеттик жана бюджеттик эмес фонддор менен эсептешүүлөрдү жүргүзө алат.

**$ОН_5$=($КК_{1.1.}$ +$КК_{1.2.}$)**

**$ОН_5$:** Уюмдун мүлкүнө, милдеттенмелерине инвентаризация жүргүзө алат жана анын жыйынтыгын документтештирип, эсепте чагылдырат.

**$ОН_6$=($КК_{1.1,2.6,}$+$КК_{2.7, 3.9.}$)**

**$ОН_6$:** Ишканадагы болгон чарбалык кыймылдарга бухгалтердик жазуу жүргүзө алат жана анын негизинде бухгалтердик отчеттуулукту эл аралык стандарттарга ылайык түзүп, мекеменин финансылык абалынын өзгөрүүсү, ишинин натыйжалары боюнча маалыматты талдоого жана көзөмөлдөөгө жөндөмдүү.

**$ОН_7$=($КК_{1.3.}$+$КК_{3.11.}$)**

**$ОН_7$:** Өндүрүш чыгымдары жөнүндө маалыматтарды чогултуу, көрсөтүү, өндүрүлгөн жана сатылган продукциялардын наркын баалоо, кирешени

аныктоо жана анын негизинде башкаруу чечимдерин кабыл алууга жөндөмдүү.

**$ОН_8$=( $КК_{1.2}$ + $КК1_{.4.}$)**

**$ОН_8$:** Тармактарда бухгалтердик эсепти жүргүзүү менен социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө, салыктарды жана жыйымдарды бюджетке которуу, кассалык, банктык операцияларды жүргүзө алат.

**ОН9=($ЖК_{1.}$+$ЖК_{3.}$)**

**$ОН_9$:** Кесиптик маселелерди ийгиликтүү чечүү үчүн экономикалык-бухгалтердик жана жалпы коомдук массалык маалыматтарды байкоого, топтоого, каттоого, сактоого жана кайра иштетүүгө жөндөмдүү болот.

**ОН10=($ЖК_{8.}$+$КК_{3.9.3.10.}$)**

**$ОН_{10}$:** Ар бир кесиптик дисциплина боюнча, билимди текшерүүнүн аралык жана жыйынтык текшерүүлөрдүн конкреттүү формаларын жана процедураларын иш жүзүнө ашыра алат.

**ЖББПнын максаты жана натыйжасынын дал келүүсү**

| | 1-максат | 2-максат | 3-максат |
|---|---|---|---|
| **ОН1** | + | | |
| **ОН2** | + | | |
| **ОН3** | | + | |
| **ОН4** | | | + |
| **ОН-5** | | + | + |
| **ОН-6** | | + | + |
| **ОН-7** | | | + |
| **ОН-8** | | + | |
| **ОН-9** | | | + |
| **ОН-10** | | | + |

**Жалпы калыптандыруучу компетенциялар:**

ЖК 1. Өз ишин уюштура билүү менен кесиптик тапшырмаларды аткаруунун ыкмаларын жана жолдорун тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалай алат.

ЖК 2. Көйгөйлөрдү чечүү, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалда чечимдерди кабыл алууда, демилгелүүлүктү жана жоопкерчиликти көрсөтөт.

ЖК 3.Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды чечмелөө менен колдоно алат.

ЖК 4. Кесиптик иш-аракеттерди маалыматтык-коммуникациялык менен технологияларды колдоно алат.

ЖК 5.Командада иштей билүү жана кесиптештер, жетекчилик, кардарлары менен натыйжалуу баарлаша алат.

ЖК 6.Тапшырманын натыйжасы үчүн топтун мүчөлөрүнүн (баш ийгендердин) иши жана аларды жумуш ордунда үйрөтүүсү менен жоопкерчиликти көрсөтө алат.

ЖК 7.Жеке жана кесиптик өнүгүүнүздү башкаруу, кесиптик иш-аракеттердеги эмгек шарттарынын жана технологиясынын өзгөрүүлөрүнө туура келет.

ЖК 8.Чакан командалар менен уюштуруу жана башкаруу ишине даяр болушат.

ЖК 9.Коомдо кабыл алынган адеп-ахлактык жана укуктук ченемдердин негизинде социалдык жактан өз ара аракеттенүү, адамдарды урматтоону, башка маданиятка болгон чыдамдуулук менен өнөктөштүктү сактоо жана жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарына негизделген диалогго даяр экендигин көрсөтө алат.

б) кесиптик иштин негизги түрлөрүнө туура келген кесиптик компетенттүүлүктөр:

1. **Заманбап компьютердик технологияларды колдонуу менен чарбалык иштин аналитикалык жана синтетикалык эсебин уюштуруу жана жүргүзүү**

**КК 1.1** Ресурстардын (активдердин), милдеттенмелердин жана капиталдын бухгалтердик эсебин жүргүзүү (анын ичинде маалыматтык технологияларды колдонуу), бухгалтердик жазууларды түзүү, баштапкы документтерди жана бухгалтердик эсепке алуу регистрлерин ФОЭСке, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык түзүү жана иштеп чыгаруу.

**КК 1.2.** Ресурстардын наркын баалоо, амортизацияны эсептөө, инвестициялар боюнча кирешелерди жана чыгымдарды аныктоо, ФОЭСке ылайык ижара төлөмдөрүн эсептөө менен инвентаризация жүргүзүү, документтештирүү жана анын натыйжалуулугун көрсөтөт.

**КК 1.3** Өндүрүлгөн жана сатылган продукциянын баасын аныктоо, түз жана кыйыр чыгымдарды пайдалануунун натыйжалуулугун баалоодо, өндүрүш чыгымдарын эсепке алуу менен продукциянын наркын эсептей алат.

**КК 1.4** Салыктарды камсыздандыруу төгүмдөрүнүн бардык түрлөрүн чегерүү менен бюджетке жана бюджеттен тышкаркы фонддорго чегерүү боюнча бухгалтердик жазууларды түзө алат.

**2. ФОЭСке ылайык ишкердик субъектинин айлык, кварталдык жана жылдык отчетторун түзүү**

**КК 2.5** Финансылык отчеттуулукту түзүү боюнча даярдык иштерин жүргүзүү: бухгалтердик эсептерди өз ара салыштыруу, ошондой эле дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча үчүнчү жактардын уюмдары менен салыштыра алат.

**КК 2.6** Отчеттук мезгилдеги экономикалык иштин финансылык натыйжасын да аныктай алат.

**КК 2.7** Бухгалтердик жана оперативдик, салыктык, статистикалык отчеттуулукту даярдап, тапшырат.

**КК 2.8** Киреше салыгын аныктоо жана эсепке алуу менен туруктуу жана убактылуу айырмачылыктарды (салык салынуучу жана чегерилүүчү), алардын пайдага салык салууга тийгизген таасирин аныктоодо, салык амортизациясын эсептей алат.

**3. Экономикалык ишмердүүлүктү талдоо жана экономикалык субьектинин финансылык отчеттуулугу**

**КК 3.9** Ишкананын экономикалык иш-аракетинин негизги көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүзүү менен уюмдун ишкердик ишин баалай алат.

**КК 3.10** Ишкананын каржылык абалын, менчиктин динамикасын жана түзүмүн, анын пайда болуу булактарын, каржылык натыйжаларын жана каржылык катыштарын талдоо менен баалай алат.

**КК 3.11** Негизги жана ийкемдүү бюджетти түзүү, CVP талдоосунун негизинде башкаруу чечимдерин кабыл алат.

**4. Кошумча колледждик компетенциялар**

**ККК-1** Өз оюн мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык жактан туура билдирип, сабаттуу жазуу, негизги кесиптик түшүнүктөрдү, терминдерди өздөштүрүү, адистик багытта сөздүк корун байытат.

**ККК-2** Социалдык баарлашуунун деңгээлинде чет тилдердин билет.

**ККК-3** Элдик оозеки чыгармачылыкта «Манас» эпосунун ордун, маанисин түшүнүү жана эпостогу идеяларды турмушта колдоно билет.

**ККК-4** Кыргызстандын жалпы тарыхый өнүгүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын дүйнөлүк тарыхтагы ордун аныктап анализдөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болот.

**ККК-5** Табигый илимдердин жоболорун, концепцияларын өзүнүн кесиптик, тапшырмаларын чечүүдө колдоно билүү, туура жашоо образын түзүү менен жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалана билет.

**ТАЛКУУЛАНДЫ:**

Бухгалтердик эсеп жана салык ПЦКнын 22.04.2021-жылындагы отурумунун №7 жыйынында каралды.

БЭжС бөлүмүнүн башчысы, окутуучу: Исаков К.А.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

Финансы жана банк иши, табият таануу жана товарларды экспертизалоо бөлүмүнүн башчысы, э.и.к., доцент: Абдырахманов О.Э.

Бухгалтердик эсеп жана салык ПЦКнын төрайымы, окутуучу : Стамбекова А.Н.

Физика, математика жана информатика ПЦКнын төрайымы, ф.м.и.к., доцент: Калдыбаева Г.А.

Жалпы билим берүү дисциплиналарынын тилдер ПЦКнын төрайымы, доцент: Абдувалиева Б.А.